**Б.1.1.1 Кыргыз тили жана адабияты 1,2,3**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерди окуу жана кесиптик ишмердүүлүктө кыргыз (мамлекеттик) тилинде оозеки жана жазуу жүзүндөгү коммуникациянын ар кыл формаларын, түрлөрүн колдонууга жалпы маданий жана кесиптик даярдоо.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредит) | Баардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб иш | | |
| Б.1.1.1 | 1 | 3 | 90 | | 48 | | 42 | Зачет |
| | 2 | 3 | 90 | | 48 | | 42 | Зачет |
| | 3 | 2 | 60 | | 32 | | 28 | Сынак |
| | | | 240 | | 128 | | 112 | |

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студент жалпы билим берүүчү орто мектепте кыргыз тили предмети боюнча алган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө таянат.

**Кыскача мазмуну:** Жалпы жана терминологиялык мүнөздөгү 4000 сөз, сөз айкашы көлөмүндө лексикалык минимум. Колдонуусуна жараша лексикалык айырмалоо (турмуш-тиричилик, терминологиялык, официалдуу ж.б.). Тилдин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө түшүнүк. Эркин жана туруктуу сөз айкаштары, фразеологиялык бирдиктер жөнүндө түшүнүк. Сөз жасоонун негизги ыкмалары жөнүндө түшүнүк. Байланыштуу кепти оозеки жана жазуу түрүндө түзүүгө талап кылынган негизги грамматикалык каражаттар жөнүндө түшүнүк. Сүйлөө. Маек, жеке, кеп салуу формасында эң керектүү жана жөнөкөй лексикалык, грамматикалык каражаттарды колдонуу менен негизги байланышуу кырдаалдарындапикирлешүү жана оюн баяндоо. Окуу. Турмуш-тиричилик жана мекен таануу тематикасындагы жана кесипке байланыштуу текстти окуп түшүнүү. Жөнөкөйлөштүрүлгөн көркөм текстти окуп түшүнүү. Жазуу. Жат жазуу, баяндама, чакан дил баян, билдирүү, кат, өмүр баян ж. б.